**Биз тең мүмкүнчүлүккө жана жакшы келечеккебиз!**

# МААЛЫМАТ БЮЛЛЕТЕНИ

№ 3
Январь 2009

***Бюллетень "КРдагы Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды жана алардын үйбүлөсүн колдоо" ХелсПром долбоорунун алкагында Биг Лотери Фондунун каражатынын эсебинде чыгарылат***

Supported by The National Lottery® through the Big Lottery Fund

## Мазмуну:


- Долбордун жаңылыктары
- Мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар үчүн маалымат ресурсттук борбор
- Майып-аялдар Ассоциациясынын Президенти Эларалык сыйлыкка татыктуу болду
- Кызыл-Кыяда мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн реабилитациялык борбор ачылганы жатат
- АБРдын демилгелери: Инклюзив эксклюзив эмес
- "Мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын жашоо шарттарын жакшыртуу" долбоору Ысык-Көлдө башталды
- ОЭУ Майыптарды багып—карагандарды, иштеген жарандарга теңөөнү сунуш кылышты
- Эне өкмөттөн 100 000 сом өндүрүп алды
- "Лидер" Атуулдук Демилгелер Борборунун "Балдар балдарга жардам беришет" Программасы
- Жүздөн ашык майыптар бүгүн "Көк-Жар" конушунда турак жай алышты
- " Жаш майыптарды социалдык мобилизациялоо" тегерек үстөлү
- Мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын арасындагы спартакиаданын жеңүүчүлөрү
- Кыргызстанда бюджеттин 44 пайызы чиновниктер үчүн, 9 пайызы социалдык сектор үчүн
- Астрофизик Стивен Хокинг космосту көздөй умтулду
- Россиялык реабилитациялык борборлор компьютерлерди жана автобустарды алышат
- Биздин спортсмендерди колдойлу
- Гранттар: Кичине Гранттардын Программасы (SEP). Жигердүү болгуң келеби? Айлана чөйрөңдү өзгөрт!


Урматтуу коллегалар,
Биз, Кыргызстандагы майыптык көйгөйлөрдү чечүүгө тартылган уюмдарга жана жеке жарандарга жаңылыктарды берип турууга кубанычтуубуз. Эгер алар жаңылыктарды жана биздин маалыматтарды алууну каалашса, керектүү кат жазышса болот, биздин email: ardi.kyrgyzstan@gmail.com

Дарек: Бишкек ш., Көк-Жар кичирайону, үй. 1, ж/п 4, Тел./факс (0312) 517634, ardi.kyrgyzstan@gmail.com

## Долбоордун жаңылыктары

"КР Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды жана алардын ата-энелерин колдоо" ХелсПром долбоорунун алкагында Биг Лотери Фондунун каржылоосу менен өзгөчө муктаждыгы бар ата-энелер үчүн Бишкекте жана Боконбаев айылында биринчи жолу « Коммуникативдик шыктарды өнүктүрүү жана жарандар арасындагы көйгөйлөрдү чечүү» деген психологиялык тренингдер өттү. Тренингдер Бишкекте 8-10 январда жана 15-16 январда Боконбаев айылында өттү. Анда, ата-энелер жана реабилитациялык борбордун кызматкерлери менен бирге кошулуп, 30 киши катышты. Тренингдин жүрүшүндө катышуучулар бүт дилин коюп жигердүү катышты, ошондуктан алардын жүзүнөн көп жолу күлкү, кээде жашты да көрүүгө мүмкүн болду. Алар, үзүрлүү баарлашуунун шыктарын, өздөрүнүн абалын ачык айтууга жана башкалардын жүрөгүн өөүгөн көйгөйлөрдү түшүнүүгө, ошондой эле өзүнө ишенимдүүлүк пайда болушуна жана андан ары өзүн өркүндөтүүгө жол ачты.

2009 ж. 24-25 январда мониторинг жана долбоорго баа берүү боюнча тренинг болуп өттү, анда АРДИнин 11 кызматкери жана Нарындагы ата-энелер уюмунун өкүлү катышты. "Мен, башка катышуучулар сыяктуу эле, мындай тренингден биринчи жолу өтүп жатам, жаңы билим жана шыктарды үйрөнгөнүбүз бизге долбоордун алдыга жылуусун жана өз учурунда керектүү чечимдерди кабыл алууга чоң көмөк көрсөтөөрүнө үмүтүм зор." — деп, АРДИнин кызматкери Тамара Балкибекова белгиледи.



2008 —ж. декабрда Биг Лотери Фондунун каражаттарынын эсебинен Боконбаев айлынын реабилитациялык борбору үчүн атайын **микроавтобус** сатылып алынды. Февралда Бишкектеги борбор үчүн ушундай эле, экинчи микроавтобусту сатып алуу пландаштырылууда. Мурунку Вице-премьер-министр Ибраимова С.Э. жана Эмгек жана Социалдык өнүгүү Министрлиги микроавтобусту каттоого көмөк көрсөттү.

Соцөнүгүү бөлүмү берген кабарлардын негизинде, Бишкектеги жана Боконбаевдеги шериктештер өзгөчө муктаждыктары бар **балдар жөнүндө маалыматтардын базасын** түзүштү. Алар, Талас шаарындагы ЭвриЧайлд долбоорунун алкагынды ачылган, кээ бир реабилитациялык борборлорду, жана Бишкек шаарындагы мэрияга караштуу реабилитациялык борборду, иш ыкмаларын таанышуу максатында кыдырып чыгышты.

Веб-сайттын баштапкы түрү иштелип чыкты **www.kelechek.kg**, ал өлкөбүздөгү майыптардын көйгөлөрүн чагылдырууга жана аларды ишке ашыруучу жолдоруна багытталат. Келечекте өзгөчө муктаждыгы бар балдарга жана алардын ата-энелерине көп көңүл бурулмакчы. Бул сайттан долбоорлор жана майыптыктын көйгөлөрү боюнча жаңылыктарды, ошондой эле мыйзамдарды, макаларды, изилдөөлөрдү,керектүү маалыматтарды жана фотогалереяларды таба аласыңар. Ата-энелер жана адистер керектүү көйгөйлөрдү талкуулашып, өздөрүнүн ыкмалары жана жетишкендиктери менен бөлүшө ала турган Форумду, ишке ашыруу пландаштырылууда. АзияИнфо жана Хостер компаниясы веб-сайтка техникалык колдоо көрсөттү.

2009-жылдын апрель айында долбоордун алкагында эларалык **практикалык конференция** өткөрүү пландаштарылды. Кыргызстандагы жана чет өлкөдөгү майыптыгы бар балдарга жардам көрсөтүүчү уюмдардын бул категориядагы балдарга жардам берүүнүн ар түрдүү багыттары; уюмдардын өз ара аракеттенүү жана кызматташуу жолдорун издөөнү жөнүндө бөлүшүү жана талкуулоо; тажрыйбалары менен бөлүшүү конференциянын негизги максаттарынан болот.
Конференциянын ишине мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын алдын алуу, билим берүү, соңиалдык жактан коргоо жана саламаттыкты сактоо тармагындагы мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын укуктарын жана муктаждыктарын ишке ашырууда практикалык ыкмалары чоң Кыргызстандын, Россиянын жана Великобританиянын мамлекеттик, коммерциялык эмес уюмдарынын жана мекемелеринин адистери тартылат.

Долбоордун алкагында, шериктештер алга жылдыруу жана сырткы байланыш боюнча жолдорун иштеп чыгышт. АРДИ, майыптар маселелери боюнча иштеген уюмдар арасында, керектүү маалыматтарды дайыма **таратууларды** баштады. Таратуулардын максаты - өлкөдөгү майыптык маселелери боюнча иштешкен уюмдардын деңгээлин жана карым-катнаш ишчараларын жогорулатуу. Мисалы, 200 өлкөнүн маалымат базасына, ММК маалымат базасына 200дөн ашуун катышуулар, кароо-сынактар, гранттар ваканциялар жөнүндө маалыматтар жөнөтүлдү. Бул жөнөтүүлөр боюнча дурус пикирлер алынды.

Майыптык маселелери боюнча иштеген бардык уюмдар же жеке жарандар жогорудагы жөнөтүүлөргө кошула алышат, ал үчүн бул emailга жазсаңар болот- ardi.kyrgyzstan@gmail.com

## Мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар үчүн маалымат ресурсттук борбор Бишкекте ачылды

БУУ жарыялаган, 3-декабрь Эларалык майыптар күнүндө, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар үчүн Маалымат-ресурсттук борбордун ачылуу аземи болуп өттү. Борбор, Бишкектеги Эмгек жана социалдык өнүгүү Министрлигинин имаратында, Эмгек жана социалдык өнүгүү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Эл аралык кызматташуунун Япондук агенттигинин (JICA) техникалык кызматташуу долбоору боюнча ачылды.

Бул ишчараларга 50 дөн ашык адамдар катышты —алар, Кыргыз жана Япон Өкмөтүнүн, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын уюмдарынын, ӨЭУ жана эларалык уюмдардын өкүлдөрү.
Маалымат-ресурстук борбор, майыптыктын көйгөйлөрү жөнүндө маалыматтарды берет жана мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар жана алардын уюмдары үчүн байланышты камсыз кылышат. Байланыш өлкөнүн ичинде гана эмес, ошондой эле, Борбордук Азиядагы мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын уюмдары ортосундагы түйүн борборунун милдетин аткарат.

Япон иштеринин, Кыргыз Республикасындагы Япон Элчилигинин ишенимдүү элчиси, Улуу Урматтуу мырза Юичи Иизука, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын көйгөйлөрүн чечүү боюнча демилгеси үчүн Кыргызстан Өкмөтүн куттуктады жана эки мамлекет ортосундагы кызматташтыктын мындан ары улануусун жана эки тараптын байланыштары күчөшүн каалады. «Мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар кайрымдуулуктун обьектиси эмес, бирок алар укуктардын ээси жана өзгөрүүлөрдүн агенти деп, JICA ынандырат. Андыктан, JICA мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды, алар өзгөрүүлөрдүн даяр агенти болушу жана потенциалдары кеңейиши үчүн окутуп-үйрөтүшөт, маалыматтарды жана өздөрүнүн эксперттеринин, волонтерлорунун жана тренингдик курстарынын жардамы менен иштөөгө мүмкүнчүлүк беришет. Борбор, адам ресурстарынын өсүү жайы болуп калат», - деп, Кыргыз Республикасындагы JICA өкүлчүлүгүнүн жетекчиси, мырза Хидеаки Маруяма өзүнүн сөзүндө айтты.

Борбор компьютерлер менен жабдылган, маалыматтар менен бөлүшүү жана тренингдик семинарларды өткөрүү үчүн жайы бар. Ал, ошондой эле арабачандар үчүн ыңгайлашкан. Кире беришинде пандусу бар, жерлер түздөлгөн. Даараткананын эшиктери эки жакка ачылат жана таяныч-кыймылдары чектелген жарандар үчүн таяныч-кармагычтары бар.

«Биз, Кыргызстан Өкмөтүнүн курулуш кодексин колдонобуз. Биз, ошондой эле мүмкүнчүлүгү чектелген жергиликтүү жарандар, ичинде арабада отургандар да бар, алар менен кеңешкенбиз. Өлкөбүздө курулуш боюнча жетектөөлөр бар, ошондой эле мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын арасында профессионалдык кеңеш берүүчү болуп иштей тургандар да бар. Жаңы имаратты куруу учурунда, ушул сыяктуу ыңгайлаштыктарды ойго алуу, түзүү оңой жана аз чыгымдар кетет. Мен, борбор башка коомдук куруулар үчүн үлгү болуп калаарына ишенем»,- деп, Кыргыз Республикасынын «Мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды коомго киргизүү» долбоору, JICAнын эксперти, Минору Хирамото мырза айтты.
Булагы: JICA пресс-кызматы

---

## Майып-аялдар Ассоциациясынын Президенти Эларалык сыйлыкка татыктуу болду

Кыргызстандын Республикалык майып-аялдар ассоциациясынын Президенти Асипа Мусаева мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын укугун коргоо тармагы боюнча Эларалык сыйлыкка татыктуу болду. Бул жөнүндө, Кыргызстандын аялдар Форумунун деректири Нургуль Джанаева жана А.Мусаева өзү билдирди. А.Мусаеванын билдирүүсү боюнча, сыйлыкты тапшыруу Лондон шаарындагы Коомдук палатада өттү. Бул сыйлык-адам укугун коргоо боюнча ишкердикти эларалык коомдун белгилегени.

«Мен Англияда 5 нен 12-декабрга чейин болдум, бардык учурда график өтө кызыктуу, тыкыс өттү. Берилген сыйлыкка өтө ыраазы болдум, ал мен үчүн күтүлбөгөн окуя болуп калды. Бул ишсапардын алкагында балдар менен, майып жарандар менен жолугушуулар, ошондой эле маданият программасы болду»,-деди А.Мусаева. Республикалык көз карандысыз кыймыл аракети чектелген Майып-аялдар Ассоциациясы 1996 жылы жайында уюшулган. Азыркы учурда ал уюмдун 728 мүчөсү бар. Ассоциация кыймыл аракети жагынан чектелген майып-аялдарды бириктирет. Чүй, Жалал-Абат, Нарын, Ысык-Көл, Талас облустарында филиалдарын ачкан.
Булагы: ИА Кабар, Ш.Торогельдиева, 24-Декабрь 2008-ж.

---

## Кызыл-Кыяда мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн реабилитациялык борбор ачылганы жатат

«РЕМА» коомдук фонду Кызыл-Кыя шаарындагы мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ата-энелери менен иштөө боюнча ижарага мэриядан имарат алышты, биринчи үч жыл ичинде ижарасын төлөөдөн бошотулушту. КФнын аткаруучу деректири Светлана Пактын айтуусу боюнча, жеке жарандардан

чогултулган каражаттарга бул имаратты оңдоткондон кийин, мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн социалдык-калыбына келтирүүчү, билим берүүчү борбор ачылмакчы.

С. Пак билдиргендей, шаардык аймактык ооруканага караштуу дарылама дене тарбия бөлмөсүнүн базасында, балдарды реабилитация маселеси чечилмекчи. 2009-жылдын 5-январынан баштап бул бөлмөгө 12 майып- бала келе баштайт. «РЕМА» КФ тарабынан мүмкүнчүлүгү чектелген балдары бар 43 үй-бүлө каттоого алынган. Фонддун уюштуруучулары майып-балдардын жана алардын ата-энелеринин бош убактыларын уюштуруу көйгөйлөрүнүн үстүнөн иштешет.
Булагы: http://fergana.akipress.org/_ru_f_news.php?idө32250

---

## АБР дыктын демилгелери: Инклюзив эксклюзив эмес

Азия өнүгүү банкынын жакырчылыкты жоюу Япондук фонду «Өзгөчө муктаж балдар үчүн сапаттуу базалык билим берүүнү алууну жогорулатуу» долбоорун ишке ашыруу үчүн миллион доллар бөлүп берди. Кыргызстан өкмөтүнүн биргелешип каржылоосу 50 миң долларды түздү, 10 миң долларды башка донорлор бөлүп берди.

- Эмгек жана социалдык өнүгүү Министрлигинин маалыматы боюнча, республикада 20миңге жакын мүмкүнчүлүгү чектелген мектеп жашындагы балдар катталган, - деп белгиледи Асел Чыңгышева долбоорду ишке ашыруунун улуу кызматкери. — Ошол учурда мындай балдардын дээрлик көпчүлүгү окуу процессинен четтелип калышкан, алар жөн гана үйлөрүндө отурушат. Учурда 3 миң 188 бала атайын мектептерден билим алышууда жана 433ү гана инклюзивдик усулдук-метод менен окушат. Азыркы мезгилде пилоттук орто мектептерге кабыл алуу жүрүп жатат, ал жерге инклюзивдик усулдук-методдорду киргизүүгө болот. Андан башка, калка мындай жаңы усулдардын пайдасы жөнүндө айтып түшүндүрүш керек, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдар ушул балдар менен жер-жерлерде өзүнчө иштөөгө тура келет.

Программанын мааниси жөнөкөй: мүмкүнчүлүгү чектелген балдар кадимки мектептерде окушу керек. Биринчиден, алар жамаатта иштөөдөгү керектүү тажрыйбаларды алмак, бири-бири менен пикир алышууну, достошууну үйрөнүшмөк.Башка жагынан карасак, бала бакчада жана мектептерде жардамга муктаж майып балдардын болуусу, дени сак балдарга ыйман жагынан тарбия берүүнүн фактору болуп калат эле. Экинчиден, бул мындай адамдарды коомубузда болуп жаткан социалдык, экономикалык, политикалык процесстерге тартууга түрткү болмок.
Булагы: Наталья Тимирбаева, МСН, http://www.msn.kg/ru/news/25226/ 2008-ж.6-ноябрь

---

## "Мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын жашоо шарттарын жакшыртуу" долбоору Ысык-Көлдө башталды

Кыргызстандын Ысык-Көл облусунда 2008-жылдын 1-декабрында Борбордук Азиялык Евразия Фондунун (БАЕФ) "Мүмүкүнчүлүгү чектелген жарандардын жашоо шарттарын жакшыртуу" долбоору ишин баштады, ал Европалык Союз (ЕС) жана жарымы эларалык өнүгүү боюнча АКШ Агенттиги (USAID) тарабынан каржыланат. Бул жөнүндө БАЕФтин басма-кызматы билдирет. Долбоордун максаты, Ысык-Көл облусундагы мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын МЧЖ жашоо шарттарын жакшыртуу болду, ага МЧЖларды тейлеген уюмдардын жана социалдык кызматтардын потенциалдарын бекемдөө жана аларга болгон көз-караштарын кескин өзгөртүү менен жетишүүгө болот.

Басма-кызматтын билдиргени боюнча, мурун жүргүзүлгөн БАЕФ кызматынын изилдөөлөрү боюнча, МЧЖлардын басымдуу көпчүлүгү өздөрүнүн укуктары боюнча берилген социалдык кызматтардан пайдалана алышпайт. Ысык-Көл облусунун «Теңдик» ӨЭУнун төрайымы Гульмира Казакунова, мындай деди: "Эгер борбор калаабызда, эч болбогондо кайсы бир имараттарда пандустар, майыптардын жашоосу үчүн кичине шарттар каралган болсо, ал эми аймактарда алар үчүн эч кандай шарттар такыр жок. Билим алуу жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эмес". Долбоордун алкагында МЧЖ менен иштешкен 10 уюм жана аларды тейлеген жергиликтүү өзүн-өзү башкаруучу социалдык кызматтар үйрөтүлөт жана институционалдык жактан бекемделет. Ошондой эле, МЧЖлар менен иштешкен уюмдардын түйүмү түзүлөт жана бекемделет, алар аркылуу Ысык-Көл облусундагы 4000ден ашуун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды долбоорго тартуу пландаштырылат. Андан башка, басма-кызмат белгилегендей, республикалык жана облустук деңгээлде МЧЖларга болгон коомдун көз-караштарын кескин өзгөртүү максатында, зор масштабдагы маалыматтык кампаниялар өтөт.
Булагы: Акипресс, 2008-ж. 1 декабрь

---

## ОЭУ Майыптарды багып—карагандарды, иштеген жарандарга теңөөнү сунуш кылышты

Майып балдардын Ата-энелеринин Ассоциациясы (АРДИ) Президент Курманбек Бакиевге, майыптарды багып караган адамдар иштегендер деп таанылып жана « кадырлуу айлык акы же пенсия» алышсын деген Мыйзамга иштеп чыгуу же өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуш менен кайрылышты.
Пресс-конференцияда айтылгандай, учурда Кыргызстанда укуктуу-нормативдик базаны, майыптарды карап-баккан жарандарга, ал жарандарды айлык акы жана пенсия менен камсыз кылууну ирээтке келтирге турган адамдар жок. Ушул себептен майып балдардын Ата-энелеринин Ассоциациясы (АРДИ) тегерек үстөл өткөрдү. Анын натыйжасы, ачык каттын кабыл алынышы болуп калды.

Ассоциация кеңешинин мүчөсү Гульбара Нурдавлетова мындай деди, «ата-энелер, өздөрүнүн көйгөйлөрү менен жалгыз калышты,алар куру-бекер жабык эшикти каккылагандай». Анын айтканы боюнча, майыптарды карап баккан жарандарды, иштегендердин деңгээлине киргизүү жөнүндө сурануунун себеби, аларды чынында иштебеген (жалкоолордун) катарына кошуп койгондон улам болуп жатат. «Бул жумуш күн сайын, мүнөт сайын уланган, моралдык жактан, акыл-эс жактан, оор, кара жумуш болуп саналат, анда майрамдар, өргүүлөр, эс алуулар, дем алуулар жок»,- деп жыйынтыктады.
Булагы: 2008-ж. 3-декабрь, 16:03 CA-NEWS (KG)

---

## Эне өкмөттөн 100 000 сом өндүрүп алды

«АКИpress-Фергана» билдиргени боюнча, КР Жогорку соту, бала бакчада жабыркаган баланын апасына материалдык жана моралдык чыгымдарын төлөп берүү жөнүндө, жергиликтүү соттун чечимин күчүндө калтырды.

20 октябрда Бишкекте болуп өткөн КР нын Жогорку сотунун атуулдук иштер боюнча соттук коллегиясынын отурумунда, Ош шаардык сотунун чечимине, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын башчысынын көзөмөл арызы каралган.Чечимде, жаран Анна Шабурованын, анын баласы бала бакчадагы болгон окуядан кийин, оюнчук пневматикалык пистолеттен ок атылып кетүүнүн натыйжасында көзүнөн жаракат алып, зыян тарткан, эсебине материалдык жана моралдык чыгымдарын, калыбына келтирүү жөнүндөгү Шаардык соттун чечими жана Ош облусу боюнча атуулдук иштер боюнча соттук коллегиянын аныктамасы күчүндө калтырылды. Моралдык зыяндын ордун толтуруп берүү жагы гана өзгөртүлдү, ал 100000 сомго чейин азайды.

Кошумчаласак, 2008-жыл 18- марттагы Ош шаардык соттун чечими боюнча Ош шаардык башкармалыгынан А. Шабурованын эсебине 107355 сом материалдык жана 300000 сом моралдык зыян өндүрүлүп берилди. 2008-ж. 27 июндагы Ош облусу боюнча атуулдук иштер боюнча соттук коллегиянын аныктамасы боюнча шаардык соттун чечими күчүндө калтырылды.
Булагы: Пресс-борбор ФСППЭР: http://www.hrnetca.org/news/27_11_08_04.html, 2008-ж. ноябрь

---

## "Лидер" Атуулдук Демилгелер Борборунун "Балдар балдарга жардам беришет" Программасы



"Балдар балдарга жардам беришет" Программасы өзүнүн ишин 1998-жылдын жайынан баштаган, ошол жайда Кара-Кол шаарынын "Лидер" Атуулдук Демилгелер Борборунун волонтёрлору жана АКШ Тынчтык Корпусунун волонтёрлору мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды коомго интегралдаштыруу ишин баштоо демилгесин алышкан, Ошондон бери,жыл сайын салт боюнча балдардын жайкы лагерлерин,жаңы жылдык майрамдарын, акцияларын жана жолугуушуларын өткөрүшүүдө.

"Балдар балдарга жардам берет" Программасы бул жылы милдеттеринин санын көбөйтүштү жана ишмердиктеринин чөйрөсүн кеңейтишти. Азыр бул программа майып балдар менен гана эмес, жетим балдар менен да иштешет. 2008-жылы «Лидер" Атуулдук Демилгелер Борборунун «Балдар балдарга жардам берет» программасы 5 акция өткөрдү, анын ичинен экөөсү Аксуудагы балдар үйү үчүн жана июнда мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн Социалдык ярмарка, ошондой эле мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн жайкы лагерь өттү.

2008-ж. мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ата-энелери менен көптөгөн иштер башталды. Волонтерлор ата-энелерди анкеттөө жүргүзүштү. Ар дайым декабрь айында волонтерлор кызыктуу көрсөтүүлөр жана көптөгөн белектер менен майып балдар үчүн Жаңы жылдык майрамдык концерт өткөрүшөт. Бүт декабрдын ичинде, волонтерлор шаардык мектептер менен бирдикте майып балдар үчүн жана тоголок жетим, жетим балдар үчүн жаңы жылдык белектерди чогултушат.

"Балдар балдарга жардам берет" программасы өзүнүн он жылдык тарыхында, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга жардам көрсөтүү мүмкүн жана жардам берүү керектигин коомго далилдеди. Программа боюнча жумуштар аткарылууда, демек анын астында максаттары бар жана алар аткарылууда. Бул, өз учурунда программа өнүгүп жатканын далилдейт, ал, чечүүнү талап кылган жаңы көйгөйлөрдү, андан, жаңы максаттар жана ага жете турган жолдорду пайда кылат.
Булагы: Атуулдук Демилгелер Борбору "Лидер"

---

## Жүздөн ашык майыптар бүгүн "Көк-Жар" конушунда турак жай алышты

Мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды колдоо президенттик программанын алкагында жарандар жаңы тогуз кабат турак-жай үйүндө 45 батир алышты. Эшиктерин, терезелерин, плинтустарын жана кошо курулган шкафтарды сокурлар жана дүлөйлөр коомунунун өндүрүшүндө жашоочулар өздөрү жасашты. Жаңы үйдө электр жылыткычтары жана ашкана плиталары бар.Үйдү электр түйүнүнө бириктирүү маселеси бүгүн эртең менен гана чечилди.Жашоочулар ачкычтарын алгандан кийин, өздөрүнүн биринчи чогулушунда үй комитетин шайлашты жана кечки саат тогуздан кийин тынчтыкты сактоо жөнүндө сүйлөшүп алышты. Жашоочулар үйлөрүн менчикке чыгарууга же квартирант киргизүүгө уктары жок, үй майыптар коомуна тийешелүү.
Булагы: НТС, http://www.nts.kg/?actionөnews&naөread&topicө3799, 2008-ж. 14- Ноябрь 16:08:14

---

## Тегерек үстөл " Жаш майыптарды социалдык мобилизациялоо"

«Жаш майыптардын кыймылы » коомдук фондду «Жаш майыптарды социалдык мобилдештирүү» долбоорунун алкагында тегерек үстөл өткөрдү. Бул долбоор, Евразия Борбордук Азия Фонддунун «Калктын жакыр катмары үчүн киреше берүүчү ишмердикти өнүктүрүү» программасынын алкагында, (USAID) Эл аралык өнүгүүнүн жана Нидерланды Падышачылыгынын Элчилиги боюнча АКШ Агенттигинин каржылыгы менен ишке ашырылууда. Тегерек үстөлдүн максаты — майыптардын эмгек реинтеграциясынын биргелешкен стратегиялык планын иштеп чыгуу жана киреше берүүчү ишмерчиликти ишке ашырууда мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга жардам көрсөтүү (МЧЖЖК). Иш чараларга ар түрдүү министрликтердин жана ведомстволордун өкүлдөрү катышышты.

«Жаш майыптардын кыймылы » коомдук фонддунун төрагасы Мирбек Асангариев, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды жумушка орноштуруу боюнча «Акак» социалдык кызматтын тажрыйбасы жана чет өлкөлөрдө МЧЖЖК жаш жарандарды жумушка орноштуруу көйгөйлөрү жөнүндө айтты. Тегерек үстөл учурунда, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жазылган мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын укугу жана кепилчиликтери жөнүндө, квоталардын ченем-укуктары талкууланды. Тегерек үстөлдүн жыйынтыгы боюнча, МЧЖЖК үчүн квоталардын ченем-укуктарын ишке ашыруунун эффективдүү жолун иштеп чыгуу боюнча биргелешкен жумушчу тобун түзүү жөнүндө үч жактык макулдашууга кол коюлду.
Булагы: БА Евразия Фондду 2008-ж. 18- ноябрь

---

## Мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын арасындагы спартакиаданын жеңүүчүлөрү

Кыргызстандын борборунда Республикалык балдар жана өспүрүмдөрдүн «Сейтек» борборунда мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын арасындагы X шаардык спартакиаданын жеңүүчүлөрүн сыйлоо болуп өттү. Мелдештерге, дене тарбия, спорт жана туризм боюнча шаардык комитеттин маалыматтары боюнча миңге жакын адам катышты. Бир айдын ичинде борбор калаабыздын базаларында жаш спортсмендер шашка, шахмат, үстөл тенниси, ошондой эле пауэрлифтинг жана армрестлинг боюнча ар түрдүү категорияларда - катышуучулардын мүмкүнчүлүгүнө карата мелдешишти.

Начар уккан катышуучулардын арасынан шахмат боюнча биринчи орунду Умут Бектимирова алды, ал дагы үстөл теннисинен чемпион болду. Өспүрүмдөр арасынан шахмат оюнунан биринчи орунду Бабахан уулу Азат ээледи. Шашки боюнча таймашууларда Чилдебай кызы Нурпери жана Узген уулу Болоттор айырмаланышты. Теннисисттердин арасынан биринчи орунду Турдалы Арстанбек ээледи.

Ошондой эле, начар уккан катышуучулар арсында армрестлинг боюнча таймаштар өттү. Ал жактан төмөндөгүлөр айырмаланышты: Нуржан Сыдыков ( 50 кг га чейин), Талант уулу Мурат (60 кг га чейин, Азиз Ахунов (70 кг га чейин ) и Бейшенкул уулу Тилек ( 80 кг га чейин). Начар уккан спортсмендер пауэрлифтинг - жатып алып көтөрүү боюнча дагы таймашышты. Жогорку көрсөткүчтөрдү Орзубек уулу Максат ( 52 кг га чейин), Нургазы уулу Мирбек ( 56 кг га чейин) жана Узен улуу Болот ( 60 кг га чейин) көрсөтүштү.

Булагы: ИА «24.kg», Ксения Толканева, 2008-ж. 02- декабрь

## Кыргызстанда бюджеттин 44 пайызы чиновниктер үчүн, 9 пайызы социалдык сектор үчүн

Дээрлик Кыргызстандын бюджетинин 44 пайызы чиновниктердин аппаратын кармоого кетет, ал эми социальный сектор мамлекеттик каржылоодон 9 пайыз гана алат. Бул маалыматтарды, парламенттин депутаты, КСДП фракциянын лидери Бактыбек Бешимов билдирди.

«Мамлекеттик башкаруунун чыгымдарынын үлүшүн кыскартуунун керектиги жөнүндө биз бир нече жолу айттык. «Кыргызстан - бюджетин чиновниктердин аппараты жеген мамлекетке айланбашы керек», - деп, парламентарий билдирди жана мамлекеттин 2008-жылга бюджетинин көрсөткүчтөрүн айтып өттү. «Анда мамлекеттик башкаруунун чыгымдары 44 пайызды түзгөн. «Эми салыштыргыла: атуулдардын социалдык коргоосуна финансылык каражаттын 9 пайызы, билим берүүгө - 7 пайыз жана экономикалык маселелерге - 14 пайыз бөлүнөт », - деп кошумчалады Бактыбек Бешимов. «Мындайды өнүккөн мамлекеттер дагы өздөрүнө жол бербейт,» -деп, ал белгилеп өттү.
Булагы: ИА «24.kg», Наргиза Юлдашева, 2008-ж. 4- ноябрь

## Астрофизик Стивен Хокинг космосту көздөй умтулду

Белгилүү астрофизик жана популяризатор Стивен Хокинг 2007-жылы мейкиндикте учууну аткарган, ал эми 2009-жылы космоско учууну көздөп жатат. Хокинг өзүнүн ой-максатын ишке ашыруу үчүн, британиялык миллиардер Ричард Брэнсон башкарган Virgin Galactic компаниянын кызматынан пайдаланууну ойлойт. Анда, 140 километр бийиктикте эки сааттык суборбиталдык учуу жөнүндө сөз болууда. Мындай саякаттын баасы 200 миңдей долларды түзөт. Хокингдин учуусун Брэнсондун төлөөсү күтүлөт.

Стивен Хокинг дүйнө жүзүндөгү мыкты физик-теоретиктердин биринен болуп саналат. Ага бүткүл дүйнөлүк атакты "Убакыттын кыскача тарыхы" аттуу китеби алып келди.
Азыркы учурда Хокинг 65 жаш куракта. Ал, нерв чөлкөмүн жабырлатуучу жана өрчүгөн алсыздык жана майда булчуңдардын атрофиясы мүнөздөлгөн Шарк оорусуна байланыштуу, майыптык араба менен жүрөт жана компьютердин жардамы менен сүйлөйт.
Булагы: Lenta.ru






## Россиялык реабилитациялык борборлор компьютерлерди жана автобустарды алышат

Россиянын Президентинин резервинен майып-балдарга колдоо көрсөтүү үчүн 80,01 млн. руб. бөлдүрүп берүү жөнүндө буйрутмага Дмитрий Медведев 20-ноябрда кол койду. Бул каражаттар, жабдыктарды сатып алуу жана мүмкүнчүлүгү чектелген балдар жана өспүрүмдөрдүн реабилитациялык борборлорунда интернет-класстарын түзүүдө программдык камсыздоо үчүн, ошондой эле, майып балдарды ташууга ыңгайлаштырылган автобустарды сатып алуу үчүн багытталган.

Саламаттык сактоо, социалдык өнүгүү министрлигинин социалдык коргоо департаментинин деректири Ольга Самарина мындай деди, Президенттин бөлүп берген каражаттары, арыз боюнча 58 аймактын арасында бөлүштүрүлөт. Андан кийин, Федерациянын субьектери кароо-сынактын негизинде жабдыктар жана интернет-класстарын түзүүдө программдык камсыздоо, атайын автобустар сатып алынат.

Министрликтин билдирүүсү боюнча, 2008-жылдын башында Россияда мүмкүнчүлүгү чектелген балдар жана өспүрүмдөр үчүн 294 реабилитациялык борбор иштейт. 2007-жылдын ичинде 265,3 миң балдар жана өспүрүмдөр бул борборлордон реабилитациядан өтүштү.
Булагы: Рост.ru

## Биздин спортсмендерди колдойлу

Special Olympics (Атайын Олимпиада) — дене тарбия кыймылын чыңдоо ишчараларын уюштуруу жана интеллектти бузулган жарандар үчүн мелдештерди өткөрүү менен иштешкен, бүткүл дүйнөлүк кыймыл. "Special Olympics Kyrgyz Republic"-коомдук бирикмеси, интеллект жагынан бузулган балдарды социалдык реабилитациясы менен иштеген жалгыздан-жалгыз уюм, ал, Бойс шаарында (США, штат Айдахо) 2009 —жылы 7 синен 13- февралга чейин өтө турган кышкы атайын Эларалык Олимпиадалык Оюндарда Кыргызстандын өкүлдөрүнүн катышуусун колдоону Сизден суранышат.

Кыргызстандын өклдөрү курамында- 4 спортсмен жана 2 тренер 2009-жылы АКШда боло турган Кышкы Оюндарга катышууга биринчи жолу чакырылды. Бул оюндарга катышууучүн биздин Жак команданы толук шаймандар менен жабдып жана оюндар боло турган жакка барчу жана кайра келүүчү жолун толук камсыз кылышы керек. Катышууга жана жабдууга кеткен чыгымдардын сметасы 12 500 (он эки миң беш жүз ) АКШ долларын түздү.

Биз, спонсор издөө боюнча материалдык жардам гана эмес, ошондой эле маалыматтык жардамдарды чоң ыраазычылыбыз менен кабыл алабыз. Сиздин, бул ишке жигердүү катышууңузга ишенебиз.
Урматтоо менен, КР АО нун Генералдык Деректири Волоскова Ольга Васильевна
Tel. 590043, 0543 904070, e-mail: olgarodn@mail.ru

---

## Гранттар: Кичине Гранттардын Программасы (SEP)

SEP Программасы калктын жакыр катмарларынын жана айыл калкынын арасында киреше алып келе турган ишмердикти өндүрүү үчүн социалдык жана экономикалык абалдарын жакшыртууга багытталган демилгелерди колдойт. SEP программмасынын алкагында айыл калкынын чөйрөсүндө атуулдук, коомдук өндүрүүлөрдү стимулдаштырууга багытталган долбоорлор колдоого алынат. Бир грантка бериле турган акчалардын эң жогорку көлөмү 25,000 Евро. Бир эле долбоорду кайрадан кошумча каржылоо каралган эмес.

Долбоорлук сунуштар почта аркылуу Нидерланды Падышачылыгынын Элчилигине төмөнкү дарек аркылуу жиберилиши мүмкүн: Казахстан Республикасы, Алмата ш. 050022, Наурызбай Батыр көч., 103. Ээлектрондук почта менен: alm@minbuza.nl

Кошумча маалыматтар боюнча кайрылыңыз: Тел. Ө7 727 2503773, E-mail: alm@minbuza.nl
Тагыраак маалыматтар: http://www.netherlands-embassy.kz/almaty/ru/smallplan.php

## Жигердүү болгуң келеби? Айлана чөйрөңдү өзгөрт!



Атуулдук коомго акылдар керек, анткени коом ар бирибиздин жигердүүлүгүбүз аркылуу жашайт. Ошондуктан, Теодор Хойсс (Theodor-Heuss-Kolleg) атындагы Коллегия, жигердүү болгусу келген, айланасындагы дүйнөгө кичине болсо да өзгөртүү киргизейин деп умтулган, жаш атуулдарга колдоо көрсөтөт. Алар өздөрү долбоорлорду иштеп чыгып, аны ишке ашырышат, бир максаттардагыларды издешет жана керектүү тажрыйба алышат.

Окуулар жана Эларалык жолугуушулар бир жылдын ичинде жеке долбоорлорун ишке ашырууга багытталган. Андыктан, Германиядан, Австриядан, Швецариядан, Борбордук жана Түштүк —Батыш Европалык жана КМШ өлкөлөрүндөгү 18 ден 25 жашка чейинки жаш жарандар биргелешип жигердүү болуу жана тоскоолдуктардан өтүү мүмүкүнчүлүгүн алышат.
Роберт Бош Фондунун, Теодор Хойсс атындагы Коллегияда Эл аралык өз ара түшүнүүлөгө жардам берүү милдети иш жүзүнө ашыруулуда

Орус тилинде байланышчу жаран: Аннегрет Вульфф, email: annegret.wulff@theodor-heuss-kolleg.de
Тел.Ө49 30 31517480
Факс Ө49 30 31517489
Тагыраак маалыматтар: http://www.theodor-heuss-kolleg.de/130.0.html